| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЧҮЙ ОБЛУСУ<br>ЧҮЙ РАЙОНУ<br>ЧҮЙ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ЧУЙСКИЙ РАЙОН<br>ЧУЙСКИЙ<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ |
|---|---|
| Чүй а. | с Чуй |

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

«_25___»____02_______2026-ж.   № _9/7__

**Чүй райондук мамлекеттик администрациясынын балансына жер тилкесин өткөрүп берүү жөнүндө**

Чүй айыл өкмөтүнүн башчысынын м.а. А.Исмаиловдун 2026-жылдын 16-февралындагы кириш №01-8/1 катынын негизинде, Чүй айылдык кеңешинин "Жер жана агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссиясынын" 2026-жылдын 25-февралындагы №7-протоколуна ылайык, Кыргыз Республикасынын " Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндөгү" мыйзамынын 11-беренесин жана "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү" мыйзамдын 34-беренесин жетекчиликке алуу менен Чүй айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Чүй айыл өкмөтүнүн балансындагы Арал айылынын Школьная №1А дарегинде жайгашкан, аянты 24 434 (жыйырма төрт миң төрт жүз отуз төрт) чарчы метр болгон идентификациялык коду 7-10-19-00050078 жер тилкесин жана Арал айылындагы 2666,0 (эки миң алты жүз алтымыш алты) чарчы метр болгон, идентификациялык коду 7-10-19-00050079 болгон жер тилкеси Чүй айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигинен, Чүй райондук мамлекеттик администрациясынын балансына өткөрүлүп берилсин.

2. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Чүй айылдык Кеңешинин жер жана агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы А.Айтиевге жүктөлсүн.

Төрага А.Ы.Ысманов